**ОшТУнун усулдук кеңеши 2023-24-окуу жылы №2 отурумунун протоколу.**

**Ош шаары** **24. 11. 2023-ж.** **Кеңешме залы, саат 14-00**

**Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы саны 23**

**Катышкандары 22**

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Окуу-усулдук колдонмолорду кароо.

-КМ кафедрасынын профессору т.и.д.,Маруфий А.Т Турдажиева Э.Н.тарабынан даярдалган "Основы сопротивления материалов и строительной механики"-деген аталыштагы окуу куралын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.д., Жолдошов Б.М.

Сырткы сын пикирчи- ОшМУнин докторантура секторунун башчысы т.и.д., доцент Кенжаев И.Г.
Көлөмү 135 бет

-СГжГД кафедрасынын доценти А.А.Жусупов тарабынан түзүлгөн "Сызма геометрия" окуу-усулдук колдонмосун кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., доцент Мамытов А.С.

Сырткы сын пикирчи- КӨЭАУнин Кесиптик колледжинин кафедра башчысы т.и.к., доцент И.А.Бакиров
Көлөмү 68 бет

-ЖӨЖТ кафедрасынын башчысы Бакирова Н.А., Кокоева Э.Э.тарабынан даярдалган "Кийимди макеттөө"-деген аталыштагы окуу куралын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., Сыдыкова Ж.А.

Сырткы сын пикирчи- Дизайн этнографиялык окуу борборунун жетекчиси- Ч.М.Эркебаева
Көлөмү 100 бет

-МТжБ кафедрасынын доценти т.и.к. Турдубаева Ж., ага окутуучу Исманов Ө.М. тарабынан даярдалган "Лабораторные работы по дисциплине инфокоммуникационные системы и сеты"-деген аталыштагы окуу куралын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., Сопубеков Н.А.

Сырткы сын пикирчи- Кыргызтелеком ачык акционердик коому, Техникалык эксплуатациялоо борборунун башчысы.
Урмашев Б.
Көлөмү 102 бет

-Информатика кафедрасынын профессору, т.и.к., Аттокуров У.Т., ага окутуучу Порубай О.В, ага окутуучу Мамадалиев Н. "Структуры данных и алгоритмы" окуу куралын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., доцент Матисаков Ж.К.

Сырткы сын пикирчи-т.и.к., доцент Исаев И.Э.
Көлөмү 341 бет

-ЖӨЖТ кафедрасынын М.Арзиев жана Абдыкалыкова тарабынан "Тигүүгү ишканалардын шаймандары" таалими үчүн даярдалган лекциялар жыйнагын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., доцент Бакирова Н.А.

Сырткы сын пикирчи- КӨЭАУнин инженердик технология факультетинин деканы, т.и.к., доцент Исаев И.Э.

Көлөмү 137 бет

-ХжХТ кафедрасынын доценттери Мурзакулова Б.С. жана Айтиева Т.А. тарабынан "Жалпы химия" боюнча окуу куралын кароо.
Ички сын пикирчи – т.и.к., доцент Джапарова Ш.

Сырткы сын пикирчи- х.и.к., доцент Ажибаева З.С.
Көлөмү 102 бет

-ЖӨЖТ кафедрасынын доценттин м.а. Кубакова А.Э., тарабынан даярдалган Методическое указание к выполнению лабораторных работ по дисциплине "Конструирование швейных изделий" -деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсүн кароо.

Ички сын пикирчи – т.и.к., доцент Бакирова Н.А.

Сырткы сын пикирчи- ЖИ "Шаршенбиева Г" тигүү ишканасынын жетекчиси – Шаршенбиева Г.

Көлөмү 94 бет

-Курулуш өндүрүшү кафедрасынын ага окутуучулары Салиева М.Г., Эргешов Э., окутуучу Казакова К. тарабынан даярдалган "Методические указания к практическим занятиям" по дисциплине Технология организация и реконструкия зданий и сооружений - деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсүн кароо.

Ички сын пикирчи – т.и.к., профессор Дуйшеев С.Д.

Сырткы сын пикирчи-ОшМУнин доценти, т.и.к., Абжапарова Д.А.

Көлөмү 180 бет

2. Окуу-усулдук колдонмолорду басып чыгаруудагы сунуштар жана эрежелер. (Студенттердин тапшырмалары, проекттери, документтерин басмаканадан чыгаруу) (Абдыразакова З., Токтогулов, Андаева З., Бахрамжанова Н.М.)
3. Усулдук кенештин мүчөлөрү тиешелүү структуралык бөлүмдөрдө ачык сабактарды жана семинар-тренинг уюштуруу. (Абдыразакова З., Бахрамжанова Н.М.)
4. 2022-2023-окуу жылындагы практиканын жыйынтыгын кароо. ( Салиева М., Орозмаматова Ж., Капарова К.)
5. Ар түрдүү маселелер

**Күн тартибин бекитүү:** Күн тартибиндеги маселелер сунушталды жана добушка коюлуп, бекитилди.

**УГУЛДУ:**

**1-маселе** **Окуу-усулдук колдонмолорду кароо.**

**УГУЛДУ:**

**Турдажиева Э.Н.: (Колдонмо механика кафедрасынын ага окутуучусу)**

-Окуу куралы архитектура адистигинде окуган студенттер үчүн арналган. 8 бөлүмдөн турат, ар бир каралган темалардын кыскача теориясы жазылып, сүрөттөр, графиктер, таблицалар, маселелерди чыгаруу үчүн мисалдар келтирилген. Андан сырткары студенттердин өз алдынча иштөөсүнө кенири маалымат берилген. Көлөмү 135 бет. Факультеттин усулдук кенешинде каралган, ОшТУнун усулдук кенешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Окуу куралы каралып чыкты. Мамлекеттик стандарттын талабына ылайык жазылган. Бардык талаптарга жооп берет. КМ кафедрасынын профессору т.и.д.,Маруфий А.Т, КӨ кафедрасынын ага окутуучу Турдажиева Э.Н.тарабынан даярдалган "Основы сопротивления материалов и строительной механики"-деген аталыштагы окуу куралын добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:

Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**

**Жусупов А.А. ("Сызма геометрия жана графикалык дизайн" кафедрасынын доценти).**

-Саламатсыздарбы, усулдук кеңештин мүчөлөрү, бул көнүгүү дептери бардык инженердик жана технологиялык адистикте окуган студенттерге арналып жазылган. Көнүгүү дептер 68 беттен туруп, 16 практикалык сабакты өз ичине камтыйт. Көнүгүү дептердин ар бир сабагында текшерүүчү суроолор, чийме маселелер жана өз алдынча иштөөгө теориялык суроолор жана практикалык көнүгүүлөр берилген. Бул окуу-усулдук колдонмо факультеттин усулдук кеңешинде каралды, ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор, Усулдук кенештин төрагасы).**

-Колдонмо окуу планында бар. Бардык талаптарга жооп берет. Бул көнүгүү дептери студенттер үчүн керектүү колдонмо боло алат. СГжГД кафедрасынын доценти А.А.Жусупов тарабынан түзүлгөн Сызма геометриядан көнүгүү дептери боюнча окуу-усулдук колдонмону добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:

Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**

**Бакирова Н.А.: (ЖӨЖТ кафедрасынын башчысы).**

- Саламатсыздарбы усулдук кенештин мүчөлөрү, жогорудагы окуу курал окуу программасына дал келет. Окуу куралы кыргыз тилинде жазылды. Аны жазууда биз адамдын антропологиясын изилдөөгө туура келди. Бул биздин көп жылдык мээнетибиз. Бул окуу куралдын 1-бөлүгү. Кийинки окуу жылы буюрса 2-бөлүгү да чыгат. Окуу куралдын аягында сөздүк бар, илюстрациялык материалдар бар. Факультеттин усулдук кенешинде каралган. ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин**

- Окуу куралда лекциялык материалдар так жана мазмундуу берилген. Андагы чагылдырылган сүрөттөр, схемалар аркылуу студенттер теманы оңой түшүнүүгө болот. Окуу планында каралган. Талаптарга жооп берет. ЖӨЖТ кафедрасынын башчысы Бакирова Н.А., жана Кокоева Э.Э.тарабынан даярдалган "Кийимди макеттөө"-деген аталыштагы окуу куралын добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:

Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**

**Турдубаева Ж.: (МТжБ кафедрасынын доценти т.и.к.)**

- Саламатсыздарбы, бул колдонмодо 10 лабораториялык жумуш камтылган. Ар бир тема боюнча кыскача маалымат берилип, таблица жана тапшырмалар бар. Колдонмону күндүзгү жана сырттан окуган студенттер колдонсо болот. Факультеттин усулдук кенешинде каралган. ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин**

-Колдонмо окуу планынын негизинде түзүлгөн. 94 беттен, 36 сүрөттөн, 19 таблицадан турат. Бардык талаптарга жооп берет. МТжБ кафедрасынын доценти т.и.к. Турдубаева Ж., ага окутуучу Исманов Ө.М. тарабынан даярдалган "Лабораторные работы по дисциплине инфокоммуникационные системы и сеты"-деген аталыштагы окуу-усулдук колдонмону добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.
Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин**

-Автор өзү иш сапарында болгондугуна байланыштуу жогорудагы окуу курал боюнча тааныштыныздар. Бул окуу куралы Ташкент маалымат технологиялар университетинин Фергана филиалынын окутуучулары менен биргеликте жазылган. Автордун эмгегин баалап койсок жакшы болмок. Бардык талаптарга жооп берет. Информатика кафедрасынын профессору, т.и.к., Аттокуров У.Т., ага окутуучу Порубай О.В, ага окутуучу Мамадалиев Н. "Структуры данных и алгоритмы" окуу куралын добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.
Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**
**Абдыкалыкова Т.С.: (ЖӨЖТ кафедрасынын ага окутуучусу).**

-Саламатсыздарбы бул лекциялык жыйнак студенттерге түшүнүктүү тилде жазылган. Алар үчүн керектүү материал саналат, анткени азыркы учурда кыргызча материалдар аз. 15 лекциядан турат. 30 саатка ылайыкташтырылган. Окуу планында каралган. Факультеттин кеңешинде каралды, ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Бул лекциялык жыйнак тигүүчү ишканада колдонулган негизги машиналар, жарым автоматтар жана аппараттар боюнча иштелип чыгыптыр. Мамлекеттик стандарттын талабына ылайык жазылган. ЖӨЖТ кафедрасынын М.Арзиев жана Абдыкалыкова тарабынан "Тигүүгү ишканалардын шаймандары" таалими үчүн даярдалган лекциялар жыйнагын добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.
Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**
**Айтиева Т.: (ХжХТ кафедрасынын доценти)**

- Саламатсыздарбы, бул окуу куралы 30 саат лекцияга ылайыкташтырылган. Анда жалпы химиянын негизги материалдары так, даана көрсөтүлдү. Бул химия жана жана техникалык, технологиялык багытындагы адистер үчүн колдонууга ылайыктуу. Теманын акырында

текшерүүчү суроолор берилген. Көлөмү 6 басма табак. Факультеттин усулдук кенешинде каралган. ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

- Окуу куралы кыргыз тилинде жазылыптыр. Студенттер үчүн керектүү материал боло алат. Окуу планында каралган бардык талаптарга жооп берет. ХжХТ кафедрасынын доценттери Мурзакулова Б.С. жана Айтиева Т.А. тарабынан "Жалпы химия" боюнча окуу куралын добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.
Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**
**Кубакова А.Э.: (ЖӨЖТ кафедрасынын доценттин м.а.)**

- Саламатсыздарбы, усулдук кенештин мүчөлөрү бул усулдук колдонмо 16 лабораториялык жумуштан, 153 беттен, 24 сүрөттөн, 50 таблицадан жана 12 библиографиялык аталыштан турат. Факультеттин кеңешинде каралды, ОшТУнун усулдук кеңешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Колдонмону карап чыктык. Бул методикалык колдонмо студенттер үчүн керектүү. Көлөмү 10 басма табак. Антиплагиаттан өттү. ЖӨЖТ кафедрасынын доценттин м.а. Кубакова А.Э., тарабынан даярдалган Методическое указание к выполнению лабораторных работ по дисциплине "Конструирование швейных изделий" -деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсүн добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.
Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**Кийинки окуу-усулдук колдонмо**

**Салиева М.Г.: (Курулуш өндүрүшү кафедрасынын ага окутуучусу)**

-Саламатсыздарбы кесиптештер, бул көрсөтмөдө 8 практикалык иш камтылган. Теориянын негизинде курулушта колдонуучу нормативдик документтер менен иштөөдө ык-машыгуулары жогорулайт. Көрсөтмөдө сүрөттөр, графиктер, таблицалар, мисалдар, тапшырмалар берилген. Жалпы көлөмү 11 басма табак. Факультеттин усулдук кенешинде каралган, ОшТУнун усулдук кенешине сунуштап жатабыз.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Азыркы учурда ушундай усулдук көрсөтмөлөр практикалык сабакты өтүү үчүн керектүү боло алат. Билим берүү стандарттарына жооп берет. Окуу планында каралган. Курулуш өндүрүшү кафедрасынын ага окутуучулары Салиева М.Г., Эргешов Э., окутуучу Казакова К. тарабынан даярдалган "Методические указания к практическим занятиям" по дисциплине

Технология организация и реконструкия зданий и сооружений -деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсүн добушка коём.

ачык добуш берүүнүн натыйжасында:
Катышканы: – 22, «Макул» – 22, «Каршы» – жок, «Калыс» - жок.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**1-ТОКТОМ**

1.1.КМ кафедрасынын профессору т.и.д.,Маруфий А.Т, КӨ кафедрасынын ага окутуучу Турдажиева Э.Н.тарабынан даярдалган “Основы сопротивления материалов и строительной механики”-деген аталыштагы окуу куралы талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.2. СГжГД кафедрасынын доценти А.А.Жусупов тарабынан түзүлгөн Сызма геометриядан көнүгүү дептери боюнча окуу-усулдук колдонмо талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.3. ЖӨЖТ кафедрасынын башчысы Бакирова Н.А., Кокоева Э.Э.тарабынан даярдалган “Кийимди макеттөө”-деген аталыштагы окуу куралы талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.4. МТжБ кафедрасынын доценти т.и.к. Турдубаева Ж., ага окутуучу Исманов Ө.М. тарабынан даярдалган “Лабораторные работы по дисциплине инфокоммуникационные системы и сеты”-деген аталыштагы окуу-усулдук колдонмо талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.5. Информатика кафедрасынын профессору, т.и.к., Аттокуров У.Т., ага окутуучу Порубай О.В, ага окутуучу Мамадалиев Н. “Структуры данных и алгоритмы” окуу куралы талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.6 ЖӨЖТ кафедрасынын М.Арзиев жана Абдыкалыкова тарабынан “Тигүүгү ишканалардын шаймандары” таалими үчүн даярдалган лекциялар жыйнагы талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.7. ХжХТ кафедрасынын доценттери Мурзакулова Б.С. жана Айтиева Т.А. тарабынан “Жалпы химия” боюнча окуу куралы талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.8. ЖӨЖТ кафедрасынын доценттин м.а. Кубакова А.Э., тарабынан даярдалган Методическое указание к выполнению лабораторных работ по дисциплине “Конструирование швейных изделий” -деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсү талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

1.9. Курулуш өндүрүшү кафедрасынын ага окутуучулары Салиева М.Г., Эргешов Э., окутуучу Казакова К. тарабынан даярдалган “Методические указания к практическим занятиям” по дисциплине Технология организация и реконструкия зданий и сооружений -деген аталыштагы окуу-усулдук көрсөтмөсү талапка ылайык деп табылып, басмадан чыгарууга уруксат берилсин.

**2. Окуу-усулдук колдонмолорду басып чыгаруудагы сунуштар жана эрежелер. (Студенттердин тапшырмаларын, проекттерин, документтерин басмаканадан чыгаруу). (Абдыразакова З., Токтогулов, Андаева З., Бахрамжанова Н.М.)**

**Токтогулов Т.С. (Жашоо тиричилик коопсуздугу кафедрасынын доценти).**

-Саламатсыздарбы кесиптештер, биз план боюнча окуу-усулдук колдонмолорду карап чыктык. Сунуш- пикирлер айтылды. Кемчилик, каталар ондолду. Калган маселеге авторлор өздөрү да жооптуу саналат.

Ал эми студенттер кагаз иштерин чыгарууда жетиштүү денгээлде басмаканадан пайдалана алат. Башкача айтканда студенттин өз алдында иштерин чыгарууда, окуу жайыбыздын атынан кайсы бир проекттерге катышууда, графикалык эсептөө тапшырмаларын жазууда өздөрүнө тиешелүү документтерди басмаканадан акысыз чыгарууга укуктуу саналат.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Колдонмолорду сан жагынан эмес сапат жагынан чыгуусуна көзөмөл жүргүзүнүздөр. Окуу-усулдук колдонмолорду кабыл алууда ар бир факультеттин мүчөлөрү жооптуу. Көпчүлүгү кечигип алып келишет. Маалыматты жеткиринииздер. Колдонмолорду усулдук кенештин отуруму болгонго чейин алдын ала 1 жума мурун алып келиниздер. Кечигип алынып келинген колдонмолор кабыл алынбайт.

Студенттерибиздин эн алгачкы кадамдарын, эмгектерин колдоо иретинде ар бир студент басмаканадан өздөрүнө тиешелүү эсептөө графикалык тапшырмаларды, проекттерди чыгарууга болот, ар бир студент укуктуу. Көзөмөлдөө иретинде кураторлор жооптуу саналат.

Усулдук кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү тарабынан макулдашып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алынды.

**2-ТОКТОМ**

2.1. Окуу-усулдук колдонмолорду бир жума мурун усулдук кенештин отурумуна чейин алынып келинсин.

2.2. Студенттердин тапшырмаларын, проекттерин, документтерин басмаканадан акысыз чыгарууга уруксат берилсин жана жооптуу катары ар бир тайпанын кураторлору милдеттендирилсин.

3. **Усулдук кенештин мүчөлөрү тиешелүү структуралык бөлүмдөрдө ачык сабактарды жана семинар-тренинг уюштуруу. (Абдыразакова З., Бахрамжанова Н.М., Калбаева М.А.)**

**Абдыразакова З. (Коомдук илимдер кафедрасынын доценти).**

-Саламатсыздарбы усулдук кенештин мүчөлөрү, 10-ноябрь күнү 2/206 аудиториясында КО кафедрасынын доценти Машиев М.тарабынан даярдалган “Кесиптик билим берүү системасындагы инновациялык технологиялар” аттуу окутуучулар үчүн атайын семинар өткөрүлдү. Семинар-тренингге жалпы 43 окутуучу катышты. Семинар аябай кызыктуу болду. Семинардын уландысын буюрса алдыдагы күндөрдө да өткөрөбүз деген ой бар. Семинарга катышуучуларга сертификат берсек, окутуучуларга стимул болмок. Ушул жагын да карап берсениздер жакшы эле.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Усулдук кенештин мүчөлөрү сиздер да өзүнүздөрдүн тажрыйбаныздар менен бөлүшүнүздөр. Ушул сыяктуу семинар-тренингдерди өткөрүп турсаныздар сөзсүз түрдө жыйынтык болот деген ойдомун.

## 3-ТОКТОМ

3. Айтылган маалымат канааттандырарлык деп табылсын жана өткөрүлгөн семинар-тренинг окутуучуларга жайылтылсын.

**4. 2022-2023-окуу жылындагы практиканын жыйынтыгын кароо.**
**( Салиева М., Орозмаматова Ж., Капарова К.)**

**Салиева М.С. Г. (Курулуш өндүрүшү кафедрасынын ага окутуучусу).**

- ОшТУдагы бүтүрүчү кафедраларга барып алардын 2022-2023 –окуу жылындагы өтүлгөн практикалардын жыйынтыгын, отчетторун текшердик. Текшерүү учурунда бардыгында эле негизинен окуу планына ылайык окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикалар өтүлөт экен. Женил өнөр жай жана анын технологиясы (ЖӨЖТ) кафедрасында пленэрдик практикага чыгышат экен. Аэ эми архитектура жана курулуш факультетинин АДиГ кафедрасында: окуп-ченөө, сүрөт, көркөм сүрөт, долбоорлоочу-технологиялык, долбоорлоо-изилдөө, диплом алдындагы практикалар бар экен.

Ар бир кафедраларда студенттерге практика бөлүмү тарабынан буйруктар чыгарылып, күндөрү белгиленип, студенттер практикага чыгарылган. Кээ бир кафедраларда практикага чыгаруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр бар экен. Бирок көпчүлүк кафедраларда программалар жана дневниктер бар. Кээ бир кафедраларда программа менен дневниктер өз алдынча студенттерге берилет, ал эми кээ бирлери программа менен дневник чогуу китепче кылып жасалып, анын ичинде багыттамалар да камтылган. Ар бир кафедранын программасы жана дневниктеринде айырма бар, кээ бир кафедраларда дневник, программалар да түрдүүчө берилет экен.
Ишканалар менен келишимдер бар. Адистиктерге байланыштуу кээ бир кафедраларда келишимдер көп, кээ биринде аз (чон тармактар, ишканалар). Бардыгы менен байланыш документтери бар. Даталар корсотулгон. Мооноттору 1 жылдан 5 жылга чейин. Кээ бир келишимдерде моонottор, бекилгендиги, моору корсотулгон эмес. Мисалы: 1) келишимдин моонотy корсотулгон, кайсы убакыттан баштап дегени жок; 2) келишимдин бекитилгени 10.01.2023, моонотy 2020-2024-жылга чейин берилген.

## ЖЫЙЫНТЫК:

**Жетишкендиктер:**

ОшТУнун 2022-2023- окуу жылындагы практикалардын өтүлүүсүн, отчетторун текшерүүнүн жыйынтыгында негизинен бардык эле кафедраларда студенттер буйруктун негизинде практикаларга чыгышат. Окуу таанышуу практикасы университетте, тийешелүү кафедраларда, кааналарда өтүлөт. Өндүрүштүк жана диплом алдындагы, ВКР алдындагы практикалар келишимдер түзүлгөн ишканаларга барышат же чакыруу (Отношение) алып келишет. Дизайн адистигинде окуган студенттер сүрөт, пленэрдик практикаларга чыгарылат.

1. Программалар, күндөлүктөр (дневник) иштелип чыккан. Кээ бир кафедраларда кыргыз тилине которулган.
2. Багыттамалар (направление) практика жетекчиси тарабынан берилет.
3. Ар бир кафедраларда адистикке тиешелүү ишканалар менен келишимдер 5 жыл 3 жылдык мөөнөткө түзүлгөн.

4. Негизинен күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган студенттердин отчеттору тапшырылган.
5. Ар бир кафедранын отчету тиркемеге киргизилген.

**Кемчилдиктер:**

1. Кээ бир кафедраларга текшерүүгө барганда иш ордунда жок болуп калышты. Кайра барып, отчетторун карап, алдык.
2. Кээ бир кафедраларда (АТФ) текшерүүдө практиканын отчеттору жок болуп чыкты, себеби аларда отчетторду сактаганга жай жок болгондуктан, сакталбай калат экен.
3. Дагы бир кафедрасы да текшерип барган учурда жок болуп калышты. Мисалы: ТжЖПФте Өзгөчө кырдаалдар кафедрасы.
4. Негизинен бардык эле кафедраларда сырткы бөлүмдө окуган студенттердин практикага чыккан отчеттору жок болуп чыкты. Кээ бир кафедраларда бирөө, экөө бар. КӨ кафедрасында күндөлүктөрү, печаттары менен бар экен.
5. Кээ бир кафедраларда кээ бир келишимдердин текстерин карап чыгуу, даталарын, мөөнөттөрүн тактоо керек.
6. Программалар, күндөлүктөр ар бир кафедрада ар түрдүү жасалган, кээ биринде гана кыргызчага которулган.

**Мамытов У.Ж.: (Окуу иштери боюнча проректор т.и.к., доцент Усулдук кенештин төрагасы).**

-Айтылган сунуш-пикирлерди эске алып, төмөндөгүдөй токтомдун долбоорун сунуштайм.

**4-ТОКТОМ**

4.1. Практиканын программаларын, күндөлүктүн бирдиктүү формасын кийинки отурумга чейин иштеп чыгуу жагы практиканы текшерген комиссияга жүктөлсүн.

5. Ар түрдүү маселелер

**УК төрагасы, Ош ТУнун ОИ боюнча проректору, т.и.к., доцент:** **Мамытов У.Ж.**

**Усулдук кенештин катчысы:** **Калбаева М.А.**